**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Д. 07. 23. 674 Диссертациялык кеңешинин**

# № 4-ПРОТОКОЛУ

**21. 05. 2024** **Бишкек шаары.**

*Кеңештин бардык мүчөлөрү* – 13 адам

*катышканы* – 10 адам

*Төрагасы* – т.и.д., профессор Асанканов А.А.

*Төраганын орун басары* – т.и.д., доцент Табалдыев К.Ш.

*Окумуштуу катчы* – т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р.

**Күн тартибинде**

1. Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)” аттуу диссертациясынын алдын ала коргоосу. Адистиги: 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология.

   **Илимий жетекчиси: т.и.д., профессор, О.К. Каратаев.**

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, күн тартибиндеги маселени карооого өтсөк, кворум боюнча сөз окумуштуу катчы А.Р. Бикбулатовага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Урматтуу кесиптештер, жыйынга Кеңештин 13 мүчөсүнүн ичинен 10 мүчөсү катышууда, кворум бар.

**Төрага:** Кворум бар, диссертациялык кеңеш ишин баштасын дегендер добуш берүүңүздөрдү суранам. Макул-баары, каршы -жок. Кенештин ишин ачык деп жарыялаймын.

**Төрага:** Сөз талапкердин өздүк делосунун материалдары жана документтери менен тааныштыруу үчүн диссертациялык кеңештин илимий катчысы, т.и.д., доцент, Бикбулатова Аниса Рифовнага берилет.

**ОК Бикбулатова А.Р.:** Изденүүчү Г.А. Айтиеванын өздүк делосу менен тааныштырды. Иш ДКке 22-апрель 2024-жылы келип түшкөндүгүн, документтер КР дин ЖАКынын талаптарына толук жооп бере тургандыгын белгиледи.

**Төрага:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга суроолор барбы? Суроо жок.

**Төрага:** Изденүүчүгө дагы суроолоруңуздар барбы? Суроо жок. Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, 14-майда биз эксперттерди чогултуп, алардын пикирин укканбыз, изденүүчүлөргө эксперттер берген сунуштарды эске алып иштеп чыгуусуна убакыт берилген, ошол себептен бүгүн эксперттер, ушул багытта эмне өзгөрүүлөр болгондугуна басым жасашса. Анда, сөз кезеги эксперттик кеңештин мүчөсү, т.и.д., профессор Айнагул Рысбаевна Джоошбековага берилет.

**Джоошбекова А. Р. :** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү **Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын** "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)" деген диссертациясы актуалдуу темага арналган. Он жыл аралыгында изилдеп, чогулткан материалдарын диссертант талдап өзүнүн илимий жыйынтыктарын корутундуда берген. Бул иш диссертациялык деңгээлде тема изилдене элек ошондуктан актуалдуулугу талашсыз. Мен эми кыскартуу максатында сунуштарга жана пикирлерге токтолуп кетейин.

- Теманын актуалдуулугунда да, объектисинде да Фергана өрөөнү изилдөө объектиси катары тандалып алынгандыгын негиздөө күчөтүлүшү зарыл.
- Фергана өрөөнүндөгү зыяраттын өзгөчөлүгүн аныктоо учун диссертациялык иште Кыргызстандын башка аймактарындагы зыярат кылууну салыштыруу материалдарын кеңири колдонуу зарыл.
- Диссертацияиын методологиясы жана методдору камтылган бөлүктө этнографиялык методдорго кебуреок басым жасалып, байкоо жүргүзүү, эксперттик маектешүү, сурамжылоо методдору изилдөөгө карата кандай колдонулгандыгы жөнүндө айтылышы керек.
- Илимий иштин мазмунунда мааниси жагынан окшош кээ бир кайталоолор орун алган.
- Корутундуну карап чыгуу керек. Баптар жана параграфтар боюнча жыйынтыктардын кээ бири корутундуга кирбей калган. Диссертацияиын корутундусунда башка окумуштуулардын пикирин чагылдырууга болбойт. Практикалык сунуштардагы кээ бир жалпы материалдарды алып салууну сунуштайм.
- Колдонулган адабияттардын тизмеси кайрадан каралып, стандартка, талапка ылайык редакцияланып чыгуусу зарыл.
- Диссертациялык иштеги изилдөө программасына ылайык түзүлгөн анкетаны, зыярат кылуучу жайлардын картасын, глоссарийди даярдап чыгып тиркемеге киргизүү керек.
- Тиркемедеги фото материалдарды зыярат учурундагы ырым-жырым, жөрөлгөлөрдү аткарып жаткан учурларды чагылдырган фото материалдар менен байытуу зарыл.
- Диссертациянын текстин техникалык-редакциялык, орфографиялык-стилистикалык жактан дагы бир жолу терең карап чыгуу зарыл

**Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы айрым мүчүлүштүктөр жана изилдөөчүгө сунуштар:**

**Биринчиден,** Теманын актуалдуулугунда да, объектисинде да Фергана өрөөнү изилдөө объектиси катары тандалып алынгандыгын негиздөө күчөтүлүшү керек.

**Экинчиден,** Фергана өрөөнүндөгү зыяраттын өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн диссертациялык иште Кыргызстандын башка аймактарындагы зыярат кылууну салыштыруу материалдарын кеңири колдонуу зарыл.

**Үчүнчүдөн,** Диссертациянын методологиясы жана методдору камтылган бөлүкто этнографиялык методдорго көбүрөөк басым жасалып, байкоо жүргүзүү, эксперттик маектешүү, сурамжылоо методдору изилдөөгө карата кандай колдонулгандыгы жөнүндө айтылышы керек.

**Төртүнчүдөн,** Илимий иштин мазмунунда мааниси жагынан окшош кээ бир кайталоолор орун алган.

**Алтынчыдан,** Корутундуну карап чыгуу керек. Баптар жана параграфтар боюнча жыйынтыктардын кээ бири корутундуга кирбей калган. Диссертациянын корутундусунда башка окумуштуулардын пикирин чагылдырууга болбойт. Практикалык сунуштардагы кээ бир жалпы материалдарды алып салууну сунуштайм.

**Жетектөөчү мекемеге:** Кыргызстандагы Америка университетинин Антропология программасын сунуштайм. Анткени ал окуу жайында адистик боюнча жетиштүү илимий кадрлар бар. (Кыргызстан, 720060, Бишкек, ул. Аалы Токомбаев, 7\6)

**Расмий оппоненттерге:**

1. **Жапаров Амантур Забирдинович** тарых илимдеринин доктору, КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери;

2. **Исаева Анара Асылбековна** тарых илимдеринин кандидаты,

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин тилдер жана коомдук илимдер кафедрасынын доцентинин м.а. сунуштайм.

Жалпысынан карганда **Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын** “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)” деген темадагы диссертациясы иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиянын талаптарына жооп берет жана ачык коргоого кабыл алууну сунуштаймын.

**Төрага:** Кезектеги сөз эксперттик кеңештин мүчөсү, т.и.к., доцент **Исаева Анара Асанбековнага** берилет. Эксперт кеңешке катышкан жок, бирок пикири келип түшкөн, аны менен тааныштыруу учун сөз окумуштуу катчыга берилет.

**Аниса Бикбулатова Рифовна:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, Исаева Анара Асанбековна сунуш пикирлерин 14- май күнү өзү келип биздин отурумда айтып берген. Ошону тааныштырып коюуга уруксат бериңиздер.:

**Диссертацнянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы айрым мүчүлүштүктөр жана изилдөөчүгө сунуштар:**

**1.** Диссертациялык иштин практикалык сунуштарын бир аз кеңейтүү менен кошумчаларды кошуу зарыл. Биздин оюбуз боюнча кыска жана тар берилип калган;

2. Теориялык бөлүгүндө зыяраттын келип чыгышы жана зыярат кылуунун эрежелери жана анын өнүгүшү тууралуу теорияны кеңейтип дагы бир жолу карап чыгуу керек;

3. Усулдук материал катары этнографиялык изилдөөнүн негизинде жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча дагы да материалдарды кароо зарыл;

4. Мазарлардын классификацияларын жана алардын Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы ролун кененирээк карап чыкса жакшы болмок;

5. Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

**Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2008-ж.) эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактарды, тарыхнаамалык илимий эмгектерди карап талдоолорун кенен жүргүзгөн.

2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Өзгөн, Араван, Кара-Суу, Аксы райондорунан талаа матераилдарын чогулткан.

3. Илимий экспедиция учурунда видео, сүрөттөр алынган.

Бул сунуштар иштин теориялык жана илимий-тажрыйбалык маанисин эч кандай төмөндөтпөйт жана диссертант 07.00.07 – этнология, этнография жана антропология боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына татыктуу.

**Жетектөөчү мекеме, расмий оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчу мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Э. Уметов атындагы педагогикалык факультетинин тарых кафедрасы (720906, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад ш., Ленин көч. 57)

**Расмий оппоненттерге:**

1.Жоошбекова Айнагул Рысбаевна – т. и.д., профессор.

2. Исаева Анара Асанбековна – т.и.к., доценттин м.а. сунуштайт.

**Диссертациялык КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун" талаптарыны ылайык келиши**

Жогорудагы аталган айрым кемчиликтердин орун алганына карабастан, **Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы диссертациялык ишинин структурасы, мазмуну, илимий жаңылыгы, изилдөонүн негизинде алынган корутундулары Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиянын талаптарына жооп берет жана 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги

боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга жана ачык коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Кезектеги сөз эксперттик кеңештин мүчөсү, т.и.к., доцент **Жолдошов Рыскулга** берилет. Эксперт кеңешке катышкан жок, бирок пикири келип түшкөн, аны менен тааныштыруу учун сөз окумуштуу катчыга берилет..

**Аниса Бикбулатова Рифовна: кийинки корутунду үчүнчү эксперт Рыскул Жолдошов агайдын берген корутундусу. Уруксат берсеңиздер** акыркы пункттарына токтолсом.

Диссертациянын жана автореферattтын мазмунунда, жасалгаланышында орун алган төмөнкүдөй айрым жагдайлар боюнча сын-пикир, сунуш айтууга болот.

1.Диссертациялык иштин практикалык сунуштарында диний конфликттерди жоюунун жолдоруна кененирээк токтолууну сунуштайбыз;

2. Теориялык бөлүгүндө зыяраттын келип чыгышы тууралуу теорияны кеңейтип жана алардын исламдашуусунда суфизмдин ойногон ролун тереңдетип изилдөөгө алуу;

3. Диссертациялык иштеги терминдерге коңүл буруу, мисалы зыяратты ислам динидеги “кичи ажылык” (умра) менен бирдей атоого болбостугу жана “чоң зыярат” - катары Мекке шаарына болгон ажылык сапарды “зыяраттардын ” катарына кошуп кароо артык баш катары көрүнот. “Ажылык” сапар бул ислам дининин атрибуттарынын бири. “Ажылык” ар кандай ырым-жырымдарга карабастан, дүйно жүзүндогү бардык мусулмандар аткаруучу жөрөлгө (фарз).

4. Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

Бул сунуштар иштин теориялык жана илимий-тажрыйбалык маанисин эч кандай төмондөтпөйт жана диссертант 07.00.07 – этнология, этнография

жана антропология боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына татыктуу.

**Жетектөөчү мекеме, расмий оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчу мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Э. Уметов атындагы педагогикалык факультетинин тарых кафедрасы.

**Расмий оппоненттерге:**

1.Жоошбекова Айнагул Рысбаевна – т. и.д., профессор

2. Исаева Анара Асанбековна – т.и.к., доценттин м.а

**Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

Жогорудагы аталган айрым кемчиликтердин болгонуна карабастан, **Айтнева Гулбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн матерналдарынын негизинде)»** аттуу темадагы диссертациялык ишинин структурасы, мазмуну, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн негизинде алынган корутундулары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку Аттестациялык Комиссиянын талаптарына жооп берет жана 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептөөгө болот. Эксперттик коммиссиясынын мүчөсү: Жолдошов Рыскул. 13-май, 2024-ж.

**Төрага: Оппоненттердин суроолоруна жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.**

**Айтиева Гүлбурак Аскарбековна -** Урматтуу окумуштуулар кеңешинин төрагасы, урматтуу кеңештин мүчөлөрү, урматтуу эксперттер!

Сиздердин назарыңыздарга менин **“Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн матерналдарынын негизинде)»** аттуу темадагы диссертациялык ишим сунушталды.

**Илимий ишимдин максаты** – Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, адамдардын аң-сезимдериндеги ыйык жайлар катары эсептелген жайлардын диний-философиялык түшүнүктөрдөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген ордун изилдөө болуп эсептелет.

**Илимий иштин актуалдуулугу**, Өткөн мезгилдерде тарых жана этнография илиминде терең изилденбей келген илимий ургаалдуу маселелердин бири – Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуучу ыйык жерлер болуп саналат.

Зыярат же жергиликтүү калктын ыйык жерлерге сыйынуу институту, ислам динине, өзгөчө исламдын ичиндеги суфизм агымы аркалуу синкретизмге өткөндүгү, өтө аз изилденген илимий проблемалардын бири болуп саналат. Исламга чейин пайда болгон мазарларды (ыйык жер, жайларды) урматтап, зыярат -жасоо ортодоксалдуу мусулмандардын жектөөсүнө, каршы жасаган аракеттерине карабастан, азыркы коомдо деле диний көрүнүш, кубулуштун өзгөчө бир түрү катары кыргыздардын гана эмес, жалпы Борбордук Азия чөлкөмүнүн мусулман калкынын руханий маданиятынын бир бөлүгү катары жашап келе жатат. Мына ушундай татаал маселенин илимий жактан иликтеп чыгуу диссертациялык иштин актуалдуулугун аныктайт.

Диссертациялык ишимде **төмөнкү милдеттер** каралган:

- изилденүүчү проблеманын тарыхнаамасын жана булактык базасын аныктап ачып берүү;
- изилдөөнүн обьектисин, предметин жана усулдук негиздерин сыпаттоо;
- Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайларды тарыхый-этнографиялык өңүттөн классификациялоо;
- Фергана өрөөнүндө (Кыргызстандын территориясындагы эстеликтер) жана ага чектеш жайгашкан чөлкөмдөрдөгү зыярат жасоочу жайлардын тарыхый-

этнографиялык жана археологиялык эстеликтер катары илимий маанилерин ачып берүү;

- ыйык жайларга зыярат жасоонун жана табынуунун келип чыгышын, “чоң зыярат” жана “кичи зыярат” түшүнүктөрүн чечмелөө;
- салттуу ислам жана табынуучу жайлардын ортосундагы жалпылыктар менен карама-каршылыктарды ачып берүү;
- республикадагы диний дискурстун маселелерин жана өзгөчөлүктөрүн мазарлардын негизинде этно-теологиялык жактан талдоо;
- табынуучу ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин доорунда жүргүзүлгөн атеисттик саясатынын соңунан кийинки абалына баа берүү;
- Кыргызстандын этномаданий мейкиндигинде зыяраттын функционалдык жүгүн аныктоо; этнографиялык илимий адабияттарда көңүл бурулбаган зыяраттын өнүгүүсүнүн кайра куруу жана постсоветтик мезгилдериндеги абалына, жергиликтүү калктын жасаган мамилесине анализ жасоо;
- олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо жүрүмүндө аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү изилдөө;
- аялдар катышкан жөрөлголөр жана алардын өзгочүлүктөрүн ачып берүү;
- суунун (булактардын) культун, тоо-таштарга (обоо таштар), үңкүрлөргө ж.б. табынууларды изилдөө;
- зыярат жасоочу жайлардын адамдардын диний кабылдоосунда жана ритуалдык практикадагы ролун аныктоо ж.б.

**Илимий иштин хронологиялык алкагы.** Изилдөөнүн хронологиялык алкагы байыркы доорлордон бүгүнкү мезгилге чейинки доорду кучагына камтыйт. Ыйык деп эсептелген табынуучу жайларга, мазар жана сууларга болгон адамдардын ишенимдеринин табигый-эволюциялык кубулуштарынын алкагында изилденет.

**Изилдөөнүн объектиси.** Изилдөөнүн объектиси бул Фергана өрөөнүнүн Кыргызстандын түштүгүнүн калкынын негизинде байыркы

мезгилден баштап ушул мезгилге чейин кыргыздардын турмуштук зыяратчылыктын ээлеген орду.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Кыргыздардагы диний ишенимдердин келип чыгышы жана алардын алгачкы формаларын тарыхый-этнографиялык багытта изилдөөдө В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, Ф.А.Фиельструп, А.П. Федченко, С.М. Абрамзон, Б.А. Баялиева, В.Н.Басилов, Т.Ж.Дүйшеев, В.Д.Горячева, А. Табышалиева, К.Ж. Малтаев, А.Жапаров, Э.Ж.Шүкүров, К.И.Ташбаева, А.Асанканов, Т.Г.Оболдуева, В.Я.Галицкий, В.М.Плоских, Ю.А.Заднепровский, С.Н.Абашин, Г.П. Снесарев, А.К.Муминов, О.А.Сухарева, М.Э.Массон, В.Д.Жуков, В.Ф. Ошанин, В.Л.Огудин, Н.А. Наследов, В.И. Кушелевский, Н.И. Веселовский, А.Симонов, Н.Щербина-Кромаренко, М.Рождественский, Л.Зимин, Э.Х. Юдинкий, Ю.Г. Петраш Е.Де Южфалви де Мезо-Ковесд, М.Мюллер, Ахмед Ташагыл, Т.Текин, Х.Н.Оркун, С.Й.Гөмеч, Б.Өгел ж.б. илимпоздор зор салым кошушкан.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары.** Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуучу ыйык жайларга атайын илим изилдөөлөр жүргүзүлдү; тарыхый-этнографиялык, археологиялык өңүттөгү тарых-таржымалы жазылып, жаңы маалыматтар илимий айлампага киргизилди; ыйык жайларга, мазарларга табынуулардын зыярат феномени иликтенип, илимий маселелер комплекстүү планда каралды; автор тарабынан жыйналган талаа материалдарынын негизинде стационардык багытта тандалып алынган тарыхый обьектилерде комплекстүү тарыхый-этнографиялык иликтөөлөр жүргүзүлдү; ар кыл жаштагы, жыныстагы информаторлордон зарыл болгон тарыхый-этнографиялык маалыматтар сурамжыланды, кагаз бетине түшүрүлдү. Сурамжылоо маалыматтары аймакта жашаган, калктын негизги бөлүгүн түзүшкөн кыргыздардан башка өзбек, түрк, түрктөшкөн тажик этносторунун өкүлдөрүнөн да алынды.

**Диссертациялык ишимде төмөндөгүдөй жоболор менен иш жүргүздүм:**

-Кыргызстан түштүгүндөгү жайгашкан калктар, анын ичинен кыргыздар зыярат кылуучу жерлер, үңкүрлөр, тоолордо тоо этектеринде, жол боюнда жайгашкан таза булактар, шаркыратмалар, мазарлар, адам оңой менен жете албаган үңкүрлөр шактуу дарактар эсептелинет: алар көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардын көчүү жолунда ыңайлуу жерге орун алышкан жана аларга эс алуусу элдин малдын суусун кандырган, эс алууга ылайыктуу аз кездешкен жерлер болгон.

- адамдар жаратылышты бир бүтүн нерсе катары кабыл алышкан, жандуу жана рухий жагынан тирүүдөй мамиле кылуу салттуу дүйнө таанымдын негизги белгилеринин бири болуп саналат. Кыргыздын салттуу аң-сезими өзүн табиятка каршы койбогондугу менен айырмалангандыгы белгилүү. Кыргыздар табияттан ажырап алыстап кетүү жөнүндө эч качан ойлонушкан эмес, бүткүл жашоосун курчап турган чөйрөдөн бөлүп кароо, элестетүү мүмкүн эмес болгон;

-зыярат процессине катышуучулардын социалдык курамы биринчи кезекте адамдардын зыярат институтуна баруусуна тилектеш жана каалаган адамдар – мазарларды сактоочу шайыктар, ыйыктардын урпактары, салттуу билимди алып жүрүүчүлөр, жашы улгайган калктын басымдуу бөлүгү; теңирчиликтин идеяларын карманган кыргыз интеллигенциясынын бир бөлүгү; ошондой эле каза болгон ата-бабалардын арбактарына ишенген калктын кеңири массасы түзгөн;

-мазар, ыйык жерлердеги ырым-жырым жасоодогу жөрөлгөлөр, ырым-жырымдарды, жол-жоболор иликтөөлөр көрсөткөндөй, көзү өткөн туугандардын арбактарын урматтоо кыргыздардагы зыярат жасоонун негизги белгилеринин бири болуп саналат, ал эми зыярат аркылуу сыйынууга ишенгендердин басымдуу көпчүлүгү үчүн зыярат биринчи кезекте арбактар менен байланыш түзүүнүн жолу болуп саналат;

- зыяратка келгендер ырым жасап, сыйынышат, балалуу бололу деп тилешет. Зыяратка чыккандардын арасында ыйык Умай эненин культуна сыйынгандары да бар экендиги шексиз. Себеби, түрк элдери Умай эненин образы жана культу бизди курчап турган бардык жаратылыш табият чөйрөсү менен органикалык бир бүтүндүктө экендигине ишенишет. Ошол себептен зыяратчылардын ыйык жерлерге тоо–таштардын, бөтөнчө өзгөчөлөнгөн дарактардын боорунан аккан туздуу сууларга же булактын башына барышы сыйынуунун кульминациялык бир баскычы болот;

- Совет бийлиги кулагандан соң, сырттан каржыланган, улам күч алып бара жаткан радикалдуу исламдын идеяларынын чабуулу мазарларга зыярат жасап сыйынууну тынымсыз жаңылануугa жана алардын жергиликтүү калктын муктаждыктарын толук канаттандырууга ыңгайлашуу жолуна түртүп жатканы маалым. Зыяраттын пайгамбардын сыйынуучу жайларга байланыштуу осуяттары менен түп тамырынан бери дал келбеши аны ислам динин бутпарастык көрүнүштөрдөн, так айтканда, алардын таасирлеринен арылууга багытталган диний агымдардын жактоочуларынын тынымсыз сынынын объектисине айланууда;

- динге ишенген жарандардын басымдуу көпчүлүгүн түзгөн мусулмандар ыйык жерлерге сыйынууну өздөрүнүн ишениминин бир урчугу (компоненти) катары кабыл алышат, Кыргызстандын руханий турмушундагы “элдик, турмуштук” ислам дини менен байланыштырып аныкташат.

- исламга, анын канондоруна туура келбеген, исламга чейинки диний ишенимдердин, агымдардын калдыктарынан, таасирлеринен арылуу үчүн аракет жасаган кыймылдардын жактоочулары Мухаммед пайгамбардын негизги осуяттарына карама-каршы келген ыйык мүрзө культун жок кылууга көп ирет аракет кылышкан. Мындай диний агымга XVIII кылымда Аравияда пайда болгон ваххабизм кыймылы мисал боло алары анык;

- ыйык жер, мазарларга зыярат кылгандардын басымдуу бөлүгүн кыз-келин, аялдар түзөт. Мындай көрүнүштүн себеби аялдардын аң-сезиминин, психико-физиологиялык, физикалык өзгөчөлүктөрү менен тыгыз

байланышта. Кыргыздын ар бир үй-бүлөсү мүмкүн болушунча көп балалуу, өзгөчө эркек балалуу болууну кыялданып самачу. Баланын жоктугу аял үчүн чоң бактысыздык деп эсептелген, анткени балдардын саны башкалардын ага болгон мамилесин аныктаган;

- Кыргызстандын аймагындагы бир эле тоодо бир нече ыйык деп эсептелген үңкүрлөрү жана башка сыйынып зыярат кылуучу жайлардын бири - Сулайман-Тоо. Кыргызстан, Фергана өрөөнү эле эмес жалпы дүйнөлүк атагы бар “Ыйык Сулайман-Тоону” Эл аралык ЮНЕСКО уюму адамзаттын Бүткүл дүйнөлүк тарыхый-маданий мурастарынын тизмесине (№ 1230 менен 2009-ж.) киргизген.

- суу, (булак) салттуу ой жүгүртүү системасында тарбиялык гана эмес, экологиялык функцияны да аткарган жана экологиялык тең салмактуулукту сактаган, жаратылышка кам көрүү жана аны сарамжалдуу пайдалануу, экочөйрөнү коргоо, таза сууну сактоо ж.б. милдеттерди аткарууга багытталган өзгөчө тыюулар да болгон;

-ыйык мазарлар Кыргызстандын бардык жерлеринен кездешет. Мындай мазарларга, өзгөчө ыйык адамдардын кабырына сыйынуу турмуш-тиричиликтик исламдын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Ыйык жерлердин ээлеринин урматына кыргыздар ашуу-белдерде, тоо жолдорунда жана капчыгайларда обоо жасап – таш үйүп курмандык кылышкан. Мындай жерлер бийик тоолуу жерлерде, өзгөчө Памир-Алай тоо системасында көп учурайт;

-Сулайман-Тоо (Ош шаары), Дул-Дул-Ат, Чил-Устун үңкүрлөрү (Араван району), Абшыр-Сай ( Ноокат району), Сафид-Булан, Шах-Фазил (Ала-Бука району) мазарлары, Котур-Булак (Араван району), Мазар-Булак (Өзгөн району), Азирети-Аюб (Жалал-Абад шаары) ж.б. тарыхый-этнографиялык, археологиялык обьектилер Кыргыз Республикасындагы туризмди өнүктүрүү багытында потенциалдары өтө зор жана келечектүү.

**Эксперттик комиссиялар берген сунуш пикирлер менен тыкыр иштеп илимий ишимде карап чыктым:**

**Эксперттик кеңештин мүчөсү,** тарых илимдеринин доктору, профессор **Джоошбаева Айнагул Рысбаевнанын** берген сунуш пикирлерин кабыл алып илимий ишимде кетирген кемчиликтерди оңдоп, сунуштарды кабыл алдым.

-Фергана өрөөнүндөгү зыяраттын өзгөчөлүгүн аныктоо учун диссертациялык иште Кыргызстандын башка аймактарында жайгашкан зыярат кылуучу жайларды илимий ишимде киргизгенмин. Мисалы: Салыштыруу иретинде Кыргызстандын түндүгүндө жайгашкан ыйык жайлар Манжылы-Ата, Байтик-Ата, Өзбек-Ата, Манастын күмбөзү, Эшен-Ата, ж. б. киргиздим.

-Диссертацияиын методологиясы жана методдору камтылган бөлүктө байкоо жүргүзүү, эксперттик маектешүү, сурамжылоо методдору колдонулган.

-Илимий иштин мазмунунда мааниси жагынан окшош кээ бир кайталоолор алынып салынды.

-Колдонулган адабияттардын тизмеси кайрадан каралып, стандартка, талапка ылайык редакцияланып иштеп чыктым.

**Исаева Анара Асанбековнанын берген сунуш, пикирлери боюнча:**

-Диссертациялык иштин практикалык сунуштарын кеңейтүү жагы каралып өзгөртүүлөр кошулду.

- Зыяраттын келип чыгышы жана зыярат кылуунун эрежелери жана анын өнүгүшү жөнүндө диссертацияда берилген дагы да болсо сунуншту эске алдым.

-Этнографиялык изилдөөнүн негизинде жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча дагы да материалдарды тиркеме катары коштум.

-Мазарлардын классификацияларын бөлүүдо **А.К. Муминов,**
**О.В. Горшунова**нын ж. б. окумуштуулардын классификацияларын колдонуу илимий ишимде колдондум.

Ал эми **Эксперттик кеңештин мүчөсү, т.и.к., доцент Р. Жолдошовдун** берген сунуштарын жана пикирлерин эске алып илимий ишими карап чыктым.

-Теориялык бөлүгүндө зыяраттын келип чыгышы тууралуу теорияны кеңейтип , суфизмдин жана суфийлердин мазарларга тийгизген таасирин жана ролун изилдегенге аракет жасадым.

-Диссертациялык иштеги терминдерге мүнөздөмө бердим. Зыяратты ислам дининдеги “кичи зыярат” бул Кыргызстандын түшүгүндө жайгашкан зыярат кылуучу жайлар боюнча сөз кеткен. Мисалы: Сулайман-тоо, Падыша –Ата ал эми “чоң зыярат” - катары Мекке шаарына болгон ажылык сапар камтылган.

-Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

**Төрага:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, бардык эксперттер сын-пикирлерин уктук. Өз пикирлерин айтып, ишти коргоого сунуштады, ишти улантсак, оппоненттер менен жетектөөчү мекемелер боюнча сунуштар түштү.

Иштин жетектөөчү мекемеси катары Кыргызстандагы Америка университетинин Антропология программасын сунушталды, добуш берип койсоңуздар: Макул-бир добуштан, каршы-Жок

Оппонентке Р.А. Джоошбекова жана А. А. Исаева көрсөтүлдү, добушка коём: Макул-бир добуштан, каршы-Жок.

Айтиева Гүлбурак Аскарбековна“Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)” деген темадагы диссертациясын 2024-жылдын 12-сентябрында коргоого сунушталды. Добуш берип койсоңуздар. Макул-бир добуштан, каршы-Жок. Демек коргоо күнү 2024-жылдын 12-сентябры деп белгиленди.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология**

институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.07.23.674 диссертациялык кеңешинин

**ТОКТОМУ:**

1. Диссертант Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын “Фергана ороөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)» аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коргоого КАБЫЛ АЛЫНСЫН.
2. Жетектоочү мекеме Борбордук Азиядагы Америка университетинин Антропология программасы бекитилсин.
3. Расмий оппоненттерге Тарых илимдеринин доктору, профессор Джоошбекова А. Р. (07.00.07.); Тарых илимдеринин кандидаты, и.о. доцент Исаева Анара Асылбековна (07.00.02) бекитилсин.

Диссертациялык кеңештин торагасы
КР УИАнын академиги: А. А. Асанканов

Окумуштуу катчы т.и.д., доцент: А. Р. Бикбулатова

**КР УИАнын тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун алдындагы тарых илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.23.674 Диссертациялык кеңешинин отурумунун**

# КЕЛҮҮ БАРАГЫ

**21.05.2024-ж.**

| № | Ф.И.О. | Илимий даражасы, наамы, адистиги | Колу | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Асанканов А.А. | Төрага, т.и.д., проф., адистиги - 07.00.07.<br><br>07.00.06- археология эмгектердин жыйындысы боюнча | | |
| 2. | Табалдыев К.Ш. | Төраганын орун басары т.и.д., доцент, адистиги- 07.00.06. | | |
| 3. | Бикбулатова А.Р. | Окумуштуу катчы, т.и.д., доцент адистиги -07.00.07. | | |
| 4. | Джоошбекова А.Р. | т.и.д., профессор адистиги -07.00.07 | | |
| 5. | Жапаров А.З. | т.и.д., доцент адистиги -07.00.07 | | |
| 6. | Каратаев О.К. | т.и.д., профессор адистиги -07.00.07 | | |
| 7. | Капалбаев О.Э. | т.и.д., доцент адистиги -07.00.07 | он-лайн ок: | |
| 8. | Кривошапкин А.И. | т.и.д., профессор адистиги- 07.00.06. | 4/я ок: | |
| 9. | Солтобаев О.А. | т.и.к., адистиги- 07.00.06. | | |
| 10. | Таймагамбетов Ж.К. | т.и.д., профессор адистиги -07.00.06 | 4/я | |
| 11. | Турдалиева Ч.Дж. | т.и.д., доцент адистиги -07.00.07. | 4/я ок | |
| 12. | Чаргынов Т.Т. | т.и.к., доцент адистиги -07.00.06. | | |
| 13. | Чороев Т.К. | т.и.д., профессор адистиги -07.00.07 | он-лайн ок. | |